**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**НООКАТ РАЙОНУ**

**“Т.КУЛАТОВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ” МЕКЕМЕСИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**

**УЧРЕЖДЕНИЕ “АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ Т.КУЛАТОВСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА”**

---

**Т.Кулатов айыл аймагынын айылдык кеңешинин (VIII чакырылышы) кезектеги 17-сессиясынын**

**ТОКТОМУ**

2026-жылдын 6-апрели №4 Кызыл-Булак айылы

**Т.Кулатов айыл аймагынын калктуу конуштардын көчөлөрүнүн ысымдарын өзгөртүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Т.Кулатов айыл аймагынын калктуу конуштардын көчөлөрүнүн ысымдарын өзгөртүүгө макулдук берүү жөнүндөгү маселе боюнча айылдык кеңештин депутаттары угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жөнүндөгү» Мыйзамынын 34-беренесине жана Кыргыз Республикасынын 1997-жылдын 25-сентябрындагы №67 “Кыргыз Республикасындагы географиялык аталыштар жөнүндө” Мыйзамынын 7-беренесине таянып, айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Ак-Терек айылынын Ак-Тилек-2 көчөсүн Каратаев Адыл атына өзгөртүүгө макулдук берилсин.
2. Ынтымак айылындагы Чындык көчөсүн Раззаков Иматбек атына өзгөртүүгө макулдук берилсин.
3. Беш-Буркан айылындагы Гулистан көчөсүн Абдибасылов Камалидин атына өзгөртүүгө макулдук берилсин.
4. Кулуштан айылындагы Улак чапчы көчөсүн Камалидинов Илияз атына өзгөртүүгө макулдук берилсин.
5. Көчөлөргө аты коюлгандардын үй-бүлө мүчөлөрүнө көчөнүн ар кандай социалдык маселелерин (жол тегиздөө, жарыктык орнотуу, көпүрө, электр мамычаларын орнотуу ж.б) чечүүгө түздөн-түз катышуусу жана турак үйлөргө жана обьекттерге катар номерлерди тез арада илүү жагы жүктөлсүн.
6. Бул токтом Т.Кулатов айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтында жарыялансын.
7. Бул токтом кабыл алынган күндөн баштап күчүнө кирет.
8. Айылдык кеңештин токтому ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Ош юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.
9. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү айылдык кеңештин айыл чарба, жерге жайгаштыруу, экология жана жаратылышты коргоо боюнча комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **К.Рустамов**